УДК 37

Карасартова Ж.Б.

К.Тыныстанов ат. ЫМУ

# ӨСПҮРҮМДӨРДҮ ГУМАНДУУЛУККА ТАРБИЯЛООДО «МАНАС» ЭПОСУНУН РОЛУ

*Бул макалада өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоодо «Манас» эпосундагы көп кылымдык жашоо турмушунан келип чыккан гумандуулук түшүнүктөр чагылдырылган.*

Гуманизм идеясы өзүнчө философиялык түшүнүк, ал тарыхый идеологиялык диний идеялардан пайда болгон эмес, бул түшүнүк адамдардын бирге аракеттенген тажрыйбасынан, жашоо турмушунан, адамдардын бири-бирине жасаган мамилесинен, пикирлешүүдөн, өз ара мамиледен келип чыккан түшүнүк болуп эсептелет.

Ошондуктан гумандуулукка тарбиялоо же өспүрүмдөрдү гуманизмге калыптандырууда педагогиканын аспектиси катарында изилдөө багыты эң негизги проблемалардын бири болуп саналат.

Тарбияны гумандаштыруу идеясы улуу Ян Амос Коменскийдин эмгектеринде көрсөтүлгөн. XVIII кылымда бул идея башка өлкөлөрдөгү педагогдордун эмгектеринде дагы кеңири таркаган. Тарбиялоодогу гумандуулук идеясы XVIII кылымда француз ойчулу Жан Жак Руссонун жана орус жазуучусу Л.Н.Толстойдун эркин тарбиялоо теорияларында кеңири орун алган [3, 61 б.].

XX кылымда гумандуулук идеялары кеңири таркай баштаган. Ал эми кыргыздардын өткөн замандагы педагогикалык көз караштары жөнүндөгү түшүнүктөрү элдик оозеки чыгармаларда б.а. «Манас» улуу эпосунда чагылдырылганы бизге маалим. Тагыраак айтканда, тарбиялоонун мазмуну ыкмалары жана каражаттары турмуштук тажрыйбаларга негизделип, эпосто гумандуулук идеялар дагы чечмеленип берилген.

Демек, «Манас» эпосу өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоодо калыптандырууда чоң таасирин тийгизет десек жаңылышбайбыз.

Башкача айтканда, өспүрүмдөрдү максатка ылайык калыптандырууда тарбиянын бир нече түрлөрүн ишке ашыруу талап кылынат анын ичинен эң негизгиси-гумандуулук.

Гумандуулукка тарбиялоо проблемасы адам коому менен бирдикте жашап келгендигин улуу «Манас» эпосу айгинелеп турат.

Ошондуктан мугалимдердин негизги ишмердүүлүгү өспүрүмдөргө дегеле окуучуларга билим гана бербестен, келечектин ээлери өспүрүмдөрдүн керектөөсүн, көз караштарын, мамилелерин б.а., инсандык сапаттарын багыттоо болуп саналат, ал эми «Манас» эпосу өспүрүмдөрдүн келечегин жекечелик өзгөчөлүктөрүн калыптандырууда маанилүү таяныч болуп саналат. Себеби, «Манас» эпосу турмуштан алган орду боюнча маанилүү болуп саналат.

Кыргыз элинин басып өткөн узак жолундагы руханий өзгөчөлүктөрүндө жашоо тажрыйбасында, башынан өткөргөн окуяларында тарбиялардын бир нече критерийлерин көрүүгө болот.

Анткени, көптөгөн кылымдар бою кыргыздардын ынтымагы ыдырабай, аты сакталып, жашоосун андан ары улантып, улуттук каада-салттарын жоготпостон, сактап келген. Ошондой эле элдердин биримдигин жоготпоо үчүн жүргүзүп келген көп жылдык согуштары адамдардын бири-бирине болгон мамилесиндеги туруктуулук, көз карандысыздыгы үчүн күрөшүүдө, басып келген душмандарга каршы салгылашуудагы эрдиктерин даңазалоо менен бирдикте үлгүлүү жүрүш-туруштарын бири-бирине таасир этүү менен адамкерчилик парзды сыйлоо, улууну урматтоо ж.б. эпостогу мыкты сапаттарга таянуу менен бирге айрыкча өспүрүмдөрдү тарбиялоодо таалим-тарбия берүү эң негизги максат болуп саналат.Ушул негизги максатка ылайык эпостун турмуштук мазмундары, эл башынан өткөргөн окуяларын өткөрүп жаткан чындык көрүнүштөргө таянып б.а. ошол чындыктан алган түшүнүктөрдүн кеңири маанисин өспүрүмдөргө ачып берүү керектиги талап кылынат.

Эпосто айтылгандай элдердин көпчүлүк өмүрү согушта өтөт, согушка катышуу согушта каармандык көрсөтүү ар бир үй-бүлөнүн милдети болуп саналат, б.а., эркектер турмак ургаачылар дагы согушка аралашуу менен гумандуулук өзгөчөлүктөрү менен айырмаланышат. Ошондой эле уруу ичиндеги адамдардын өз ара мамилелери үрп - адат, каада-салттарга негизделип түзүлгөн. Башкача айтканда, ар бир адам эркин-инсан болгон алардын иш-аракеттери, жүрүш-туруштары, уруу мүчөлөрүнүн аткарган милдеттери, алган ордуна карабай бардыгы тең бирдей укуктуу болушкан, бирок уруу башчыларына баш ийишкен. Мына ушундан улам жалпы өспүрүмдөргө тарбия берүүдө гуманиздин ролу өтө зор жана зарыл экендигин айта кетишибиз парз.

Адамзат коомунда тарбия менен тартип маселеси түздөн-түз адамдардын мамилелеринин тыгыз байланышынан улам келип чыккан.

Ошондуктан өспүрүмдөрдү тарбиялоодо гуманизмдин ролу өтө зор жана зарыл экендигин айта кетишибиз парз.

Анткени, «Манас» эпосунда гумандуулук идеялар өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүнө шарттарды түзүү, жөндөмдүүлүктөрүн ар тараптан өстүрүү өзгөчөлүктөрү б.а., жеке адамдын керт башынын эркиндигинин негизги каражаты жана ыкмасы болгон.

В.В. Радлов менен Ч.Валиханов кыргыз элинин каармандыктарын чагылдырууда, «Манас» эпосунун мааниси өтө зор деп белгилешкен [2, 202 б.].

Демек, эпостогу каармандардын образынан гуманизм боюнча боюнча кеңири түшүнүктөрдү алабыз, б.а., каармандардын жашоо образынын мисалында өспүрүмдөргө таасир эткен тарбиялык маанисин көрө алабыз. Эпостун улуулугу биринчи кезекте акыйкаттык, адилеттүүлүк, адамкерчилик, айкөл, кечиримдүүлүк саналат.

Академик Б.Ш. Юнусалиев төмөнкүчө белгилиген: «Манас» эпосунун педагогикалык мааниси көп кылымдар бою кыргыз элинин гумандуулук идеяларын жана улуттук мүнөзүн калыптандырууга зор таасир этишинде.Эпос өзүнүн бардык угуучуларын жүрүш-турумдун этикалык нормаларына үйрөтөт [2, 208 б].

Өспүрүмдөрдү гумандуулук идеяларга калыптандырууда эпос зор мааниге ээ экендигин жогоруда көрө алдык.

Демек, гумандуулукка тарбиялоо өспүрүмдөрдүн бири-бирин туура түшүнүүгө б.а., гуманизмдин эң негизги принциптеринин бири-адамды баалоо, жеке керт башынын кызыкчылыгын сыйлоо, эркин өнүгүүсүнө шарт түзүүдө өспүрүмдөрдүн көз караштарын калыптандырууда негиз болуп саналат. «Манас» эпосу өспүрүмдөрдүн калыптанышында коомго өз ара мамиленин бири-бирине болгон көз караштарын, багыттарын аныктайт.

Өспүрүмдөрдү тарбиялоодо жекечелик сапаттарын калыптандырууда мектеп максат көздөп, ар кандай иш чараларды жүргүзүүгө тийиш. Мисалы: класстык, Манас таануу сабактарын өтүүдө, жөн гана оозеки формасында өтүп койбостон, өспүрүмдөрдү кызыктыра турган эпостогу тарбиялык суроолордун тегерегинде, инновациялык технологияларды колдонуп өтүлсө өспүрүмдөргө таасирдүү болот эле.

Ошондой эле өтүлгөн сабактарды жыйынтыктоодо өспүрүмдөрдүн калыптанышын камсыз кыла турган гумандуулук тарбиянын максаттарын, мазмунун, принциптерин мисалдар аркылуу бышыктаса жакшы жеткиликтүү таасир этет.

Себеби, бардыгыбызга белгилүү болгондой, өспүрүм курагы башка курактарга салыштырмалуу психологиялык жана физикалык жактан өзгөчөлөнгөн курак болуп саналат.

Башкача айтканда, өспүрүм курак анатомиялык-физикалык өзгөчөлүгү, психиканын өнүгүүсү, социалдык абалынын өзгөрүшү менен мүнөздөлөт. Демек, инсандык калыптануусунун татаал мезгили. Өспүрүм деген түшүнүк өсүү, жетилүү, өз алдынча болуу, бой тарткан мезгил болуп саналат. Өспүрүм курак Д.Б. Элькониндин жаш курагы боюнча мезгилдерди аныктаган окуусунун негизинде 11-15 жаш белгиленет. Психологиялык адабияттарда бул курак өткөөл мезгил деп берилген, анткени, өспүрүм балалык мезгилинен айырмаланган инсан, бирок чоң кишилердей толук жетилүү абалында калыптанбайт. Ушул кыска мезгилде өспүрүмдүн өнүгүүсүндө Д.Б. Эльконин белгилегендей, окуу-тарбия процессии менен катар карым катнаш негизги иш-аракет

катары өтөт. Өспүрүмдөр эң алгач энесинин же атасынын турпатын, жүрүм-турумун өздөштүрүп, туурайт, өздөрүнүн түшүнүгүндө, көз карашында буга өзгөчө маани беришет. Мисалы ата-энесинин кооз кийимин дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнө карабай кийип алат. Тамеки чегүү, анткени чылымды кармап баскан өспүрүм өзүн чоң кишидей сезет.

Ошондой эле кыздардын боенгону, жасанып жүрүү өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт. Өспүрүмдөрдүн мындай мамилеси өздөрүн чоң кишидей сезүүнүн жөнөкөй жолу болуп саналат. Алардын сымбаттуу, сулуу көрүнүүгө умтулуусу айрыкча 6-7 класстын окуучуларына таандык. Алар жалпыга белгилүү маалыматтарды өздөрүнүн жаш өзгөчөлүгүнө ылайык өздөштүрөт.

Д.И. Фельдштейн 11-12 жаштагы өспүрүм ата-энесин, жолдошун, мугалимди идеал катары кабыл алса, 14-15 жаштагы өспүрүм чоң кишилердин жүрүм-турумун жыйынтыкталган үлгүсүн идеал катары кабыл алат деген ойду белгилеген.

Бул курак анын психикасынын өнүгүүсүндө кыйынчылыкты пайда кылып, мамилелердин системасын татаалдаштырат. Өспүрүмдөгү мындай өзгөрүү психологиялык «жаңы түзүлүш» катары анын өнүгүүсүндө өзгөчө кырдаалды чагылдырат. Окуу иш-аракетинде өспүрүм, билимдерди өздөштүрүү менен чектелбестен, ага карата өзүнүн мамилесин чагылдырып, андагы «интеллектуалдуу жаңы түзүлүштүн» пайда болушу билим алуусуна түрткү болот. Окуудан жетишпеген өспүрүм тынчсызданат, бирок аны жашырып билгизбөөгө аракеттенет. Өспүрүмдөр окуу иш-аракетинде жолдоштору менен мамилелердин системасын өздөштүрөт. Ал курдаштарынын, чоң адамдар менен болгон мамиленин татаалдыгына карабастан аны багыттоого умтулат.

В. Мухина белгилегендей өспүрүм куракта бала ар кандай социалдык чөйрөдө карым-катнаштын системасында болот. Ал үй-бүлөдө ата-эне менен, мектепте курдаштары, окучуулар коллективинде мамилелердин системасында болот. Өспүрүмдөр үй-бүлөдөгү карым-катнаштын татаал структурасын өздөштүрүүдө ата-энесинин жардамына муктаж болушат. Айрыкча, чоң адамдардын өспүрүм менен «тең укуктуу» мамилени сакташы жагымдуу жагдайды пайда кылат. Бул куракта балдар өтө сезимтал болгондуктан ата-эне баланы түшүнүп, ишеним көрсөтүү менен өз ара мамилелерди багыттап жөнгө салат. Эгерде чоң адамдар өспүрүмгө кичине балага жасаган мамилени жасаса, аларда терс эмоционалдык абал пайда болот. Алар өздөрүнүн чөйрөсүндө бири-бири менен жолдоштук мамиледе болушат. Жолдоштору менен кызыгуусу шайкеш келгенде өзүнүн инсандык сапатын баалоого аракеттенет. Өзүнүн сырын, максатын жакын досу менен бөлүшүп, достук мамилени жогору баалайт. Жолдоштордун арасында өзүнүн жетишкендиктерине өзгөчө маани берет. Эгерде өспүрүм досуна, жолдошуна кыянаттык кылса аны өспүрүмдөр тобу жектейт. Ошондуктан мектеп жана окуу өспүрүмдүн турмушунда негизги орунга ээ. Ал эми окуу процессинде өспүрүмдөрдүн билим деңгээлине окуу ишинин татаалдыгы, сабактагы мугалимдердин түшүндүрүүсү таасир этет. Кээ бир учурда өспүрүмдүн мугалим койгон жаңы талаптарга көнүгүүсүндө кыйынчылыктар пайда болот. Демек, окуучунун окууга болгон мамилеси мугалимдин талабынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу болот. Ошондуктан өспүрүмдөр сабагын жакшы билип, кызыктуу түшүндүргөн, талап койгон, калыс, мээримдүү мугалимдерди баалашат. Демек, башка курактарга салыштырмалуу татаалдыгы боюнча айырмаланышат.

Ошондуктан класс жетекчи же болбосо мугалим мектепте өспүрүмдөргө билим берүүнүн ар бир этабында кайсы тарбиялык көрүнүштөр милдет болуп кала тургандыгын ачык түшүндүрүүсү зарыл. Анткени, гумандуулукка тарбия берүү системасын аныктоодо педагогикалык принциптерди туура түшүндүрүлүшү чоң роль ойнойт.

Гумандуулукка тарбиялоо бул адамды адам катары кабыл алуу, башкаларга инсан катары мамиле кылуу, башкача айтканда, турмушта ар бир өспүрүм өз ордун аныктоодо таасирин тийгизүү.

Ушул өзгөчөлүктөрдү б.а. гумандуулук сапаттардын калыптанышын «Манас» эпосунун мисалында тарбияласак болот. Гумандуулукка тарбиялоодо өспүрүмдөрдүн бири-бирин туура кабыл алууда, ошондой эле гумандуулук сапаттарды өз жашоосунда

колдонууда б.а., терс көрүнүштөргө карама - каршы турууга үйрөтөт.

Демек, «Манас» эпосу өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоодо маанилүү экендигин аныктасак болот.

Башкача айтканда, эпостогу каармандардын образдарын сабакта байланыштырып өтүү менен өспүрүмдөрдүн коомго болгон көз караштарын, баалуулук сапаттарын өнүктүрүүдө чоң роль ойнойт десек жаңылышпайбыз.

Гумандуулукка тарбиялоо өспүрүмдөрдүн инсандык ички дүйнөсүн, ички сезимин уюштурууда маанилүү критерий болуп саналат.

Эгерде ар бир өспүрүм өздөрүнүн жүрүш - турушунда бири-бирине жасаган мамилесинде, бири-бирине кам көрүү, мээримдүүлүк байкалса, анда ал өспүрүм гумандуулук жактан тарбияланган болуп эсептелет. Тескерисинче, эгерде өспүрүм коомдун моралдык нормаларын бузса, анда мындай өспүрүмдөр чыныгы гумандуулук тарбиядан өтө эле алыс калышат.

Демек, гумандуулук бул кичи пейилдиктин, адептүүлүктүн негизи, гумандуулук тарбия процессинде позитивдүү оң сапаттарды калыптандыруу мааниси зор мааниге ээ.

Ошондуктан, гумандуулук тарбиялоонун негизги максаты-өспүрүмдөрдү гумандуулук аң-сезимде тарбиялоо болуп саналат.

Ушунун негизинде өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоодо мугалимдердин төмөнкүдөй милдеттери белгиленген:

- алардын дүйнөгө болгон гумандуулук көз караштарын калыптандыруу;
- гумандуулукка тарбиялоону өнүктүрүү;
- өспүрүмдөрдүн гумандуулук табиятын калыптандыруу.

Ал эми жалпы орто мектептерде б.а., өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоодо, гумандуулук принциптерин төмөнкүдөй жолдор менен ишке ашырууга болот:

- өспүрүмдөрдүн окуу ишмердүүлүгүндө гумандуулук принциптерин камсыз кылуу;
- класстан, мектептен сырткаркы коомдук иштерин уюштуруу;
- өспүрүмдөрдүн гумандуулук жактан өзүн-өзү тарбиялоосу.

Гумандуулукка тарбиялоо-татаал, түрдүү жагдайлуу шарттарда, ар кандай формада ар түрдүү каражаттардын жана методдордун иш жүзүнө ашырууда өспүрүмдөргө «Манас» эпосунун тийгизген таасири .

Бул процесстин обьективдүү негизи-гуманизм. Гумандуулук өспүрүмдөрдүн аң-сезимин, коомго болгон көз караштарынын, кызыкчылыктарынын ички дүйнөсүнүн калптанышында негизги ролду ойнойт.

Тарбиялоодо гуманизмдин таасири  канчалык тереңдеген сайын анын инсандык саясий идеялык жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө болгон таасири күчөйт.

Башкача айтканда, өспүрүмдөрдүн гумандуулук өнүгүүсү жогоруласа, анын саясий, граждандык жана адептүүлүк көз караштарына болгон гумандуулуктун функциясы негизги жана аныктоочу болуп эсептелет. Гуманизм - гумандуулук аң-сезимди жалпылоочу формасы катары көрсөтүлгөн. Өзүнүн идеялык багытына жараша гуманизм адамга ар кандай гумандуулук таасирин тийгизет.

Гуманизмдин критерийлерине таянуу менен өспүрүмдү «Манас» эпосунун таасиринде адамды сүйүү, жакшы көрүү, адамды баалоо, кызыкчылыктарын сыйлоо ж.б. түшүнүктөрдүн негизинде өспүрүмдөрдүн окууга болгон кызыкчылыктарын туура кабыл алууну үйрөтөт.

Демек, «Манас» эпосунун өспүрүмдөрдү гумандуулукка тарбиялоодо мааниси чоң десек жаңылышбайбыз.

**Адабияттар**

1. Сластенин В.А. Педагогика.–М.,1998.
2. Рахимова М.Р, Панкова Т.В, Калдыбаева А.Т. Педагогика тарыхынын очерктери. -Б., 1998.
3. Асипова Н.А. Социалдык тарбия. -Б., 2004.
4. Садыков Ж.Б. Айкөл Манас. –Б.: Ала-Тоо, 1995.
5 .Немов Р.С. Психология.  –М.,1998.
6. Волкова Г.Н. Этнопедагогика. –М.,1998.